Окутуучу :   Барпыбаева В.Ж.

Предмет: Кыргыз адабияты

Класс:  10-класс

Сабактын темасы: Кыргыз жазма адабиятынын жаралышы жана онугушу. Поэзия. Проза.

Сабактын тиби: Жаны теманы тушундуруу (2саат)

УМК:   К.К.Жээнтаева, В.Ш.Исаева  Кыргыз Адабияты  10-класс, «Кутаалам», Бишкек-2013

<table>
<tr><td>Тема</td><td colspan="3">Кыргыз адабиятынын жаралышы жана онугушу.Поэзия.Проза.</td></tr>
<tr><td>Максаты жана милдеттери</td><td colspan="3">1.Коммуникативдик: Окуучуларга  кыргыз жазма адабиятынын жаралышы жана онугушу боюнча маалымат беруу. Позия,проза,драматургия боюнча маалымат беруу. Суроолорго жооп беру менен талкууларды уюштуруу.<br>2. Тилдик максаты: теманын устунон иштоо менен окуучулардын  кыялдануусун, ой жугуртуусун, эске сактоосун, чыгармачылыгын онуктуруу жана калыптандыруу.<br>3. Тарбиялык максаты: патриоттулукка, адабият сабагын суйууго, сыйлоого, улуттар аралык ынтымактуулукту сактоого тарбиялоо.</td></tr>
<tr><td rowspan="2">Кутулууучу натыйжа</td><td>Предмет боюнча окуучулардын ишмердуулугу</td><td colspan="2">УУД</td></tr>
<tr><td>1.Кыргыз жазма адабиятынын жаралышы жана онугушу, анын ичинде поэзия, проза,драматургия боюнча билимдерин оркундотууго уйронушот.<br>2. Теманын устунон иштоо  менен окуучулар кыялданууга, ой жугуртууго, эске тутуусун калыптандырууга, чыгармачылыгын онуктурууго уйронушот.</td><td colspan="2">1. Окуучулар топторго болунуп, мугалим берген тапшырманын устундо чыгармачылык менен командада иштоого уйронушот.<br>2. Улуттар аралык ынтымакты чындоого, бирин-бири сыйлоого, ынтымакка тарбияланышат.</td></tr>
<tr><td>Негизги тушунуктор</td><td colspan="3">Жазма жана оозеки адабият, поэзия, проза, драматургия.</td></tr>
<tr><td></td><td colspan="3">Сабакты уюштуруу</td></tr>
<tr><td colspan="2">Предметтер аралык байланыш</td><td>Иштоо формасы</td><td>Каражаттар</td></tr>
<tr><td colspan="2">Кыргыз тил, тарых</td><td>Жеке жана топторго болунуп иштоо</td><td>Китептер,таркатмалар,карточкалар, суроттор, ж.б.</td></tr>
</table>

Сабактын максаты:  Кабус – наама» чыгармасы аркылуу окуучуларды адептуулукко, ыймандуулукка, ата-энени урматтап, сыйлоого, дос тандоого уйротуу

Кайкабус Каспий денизинин туштук жээгинде жашаган Гилан элинен. Ал (1021-1022-жж.) майда феодалдын уй-булосундо туулган. «Кабус нааманы» (1082-1083-жж.) баштадым деп маалымдайт. Кайкабус ал мезгилде улгайып, 63 жашка  чыгып калган болот.

Кайкабус – оз заманынын алдынкы билимдуу адамы. Ал айрыкча музыка жана табият таануу илимдерине кызыккан. Коп илимдерден онор- кесиптен, бардык адамдар учун зарыл деп эсептелген жондом-шыктан, турмуштун койгойу менен куу тириликтен, уй-було, журум-турум, уй айбандары баары жоктун  баарынан анын кабардар экени ушул «Кабус-наама» аттуу чыгармасынан ачык корунуп турат. Ал «Кабус-нааманы» жазганга чейин коп окуп, коп изденген. Оз доорундагы маданий борборлордун баарына барып, Самарканд, Бухара, Хорезм шаарларында кобуроок токтогон. Илимпоздордун илимий-педагогикалык эмгектерин жадабай окуган.

Кабустун насыйкаттары – осуп келе жаткан муундарга зор таалим-тарбия бере турган залкар, нускалуу эмгек. «Кабус наама»  44 болумдон турат. Алардын биринчи тортоо диний муноздогу коз караште жазылып, калган 40 болуму турмуштун ар кандай маселелерин камтыйт.

«Кабус-наама» -  кадимки турмуштан алынып жазылган чыгарма. Кайкабус бул «Насыйкат» китебин перзенти Гилан шахка арнап жазган. Автор озу кубо болгон жана уккан-коргон окуяларынын баарын бул  чыгармасында пайдаланган.

Бул чыгарма Чыгышта илим, маданият, адабият белгилуу бир нугуна тушуп, ал доордун Рудаки, Фирдоуси, Омар Хаям, Насыр Хисроу сыяктуу чыгаан инсандардын чыгармачылыгы оркундоп турган убактарда жаралган чыгарма. 11-кылымдын коонорбос корком доолотторунун бири болгон булл чыгарма чыгыш таануучулардын, дуйнолук окумуштуулар менен алдынкы устат-педагогдордун конулун озуно буруп, турк, уйгур, озбек, татар, орус, англис, француз тилдерине которулган.

Китептин 5-главасы «Эне-атаны урматтоо жонундо» деп аталып, анда автор ата-эненин конулун иренжитпей, аларга урмат-сый корсотуп, эн бир жакшы  мамиле жасоого ундойт. Автор ата-эне тарбиясына да зор маани берет. Ал бир жагынан балдарды ата-энесине терен урмат-сый корсотууго, экинчи жагынан ата-энелердин балдарына тура мамиле жасоого, жакшы тарбия берууго чакырат.

Кайкабус адамдын акыл таразасына озгочо мани берет, анны аркандай доолоттордон жогору коет. Ошон учун перзенттин акыл-парасаттуу болушу бардык нерселердин башаты деп эсептейт. «Колунда дуйнон жок, жакыр болсон да, акылга бай бол, себеби  дунуйого марып жыргаганга караганда, акыл байлыгы менен жашаган артыгыраак. Акыл менен дунуйо топтосо болот, бирок дунуйо менен акыл жыйноого болбойт. Акыл – эч нерсе менен олчонбогон кымбат буюм, анны ууру урдай албайт, отко салса куйбойт, сууга салса чокпойт».

Кайкабус – менменсинуу менен текеберчиликке жеринен каршы адам. Бабасы Кабус илим менен адабияттын кишиси болсо да, ченде жок текеберлуу, кербез киши болчу. Анын ушундай жорук-жосундарын куноодоп, Кайкабус коп жазган. «Кимде-ким  текеберленип менменсинсе, албетте ал ар дайым бушайман болуп журуп отот».

Кайкабус онорду жогору катмардагы адамдардын оз урпактарына  калтырган мурасы, ал эми карапайым майда кесипти болсо, караламан жонокой калктын мурасы катары карайт.

Кайкабус оз чойросунун салт-санааларын ботончо бир урматтайт. Ал кундолук тамактанууда, конок кутуудо адам озун кандай алып журуулору жонундо жазган. Ал ошондой эле уулуна кесип тандоо жонундо кенеш берет.